# ЖРТге даярдоо. Окуп-түшүнүү . 11-класс

## Уюлдук телефон доспу же душманбы?

2000-2003-жылдары уюлдук телефондун ден соолукка зыяны тууралуу так маалымат болгон эмес. 2000-жылы Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму Европа парламентинин алдындагы конференциясына байланыштуу уюлдук телефондордун коопсуздугу боюнча сунуштарын жарыялаган. Көрсөтмөлөрдө уюлдук телефонду колдонууну олуттуу оорулардын өнүгүшү менен байланышкан далилдер жоктугун белгиленген. Жай реакция же уйкунун бузулушу сыяктуу терс таасирлер илимий жактан тастыкталбаган деп табылды. Ошентип, көрсөтмөлөрдө уюлдук телефондорго карата атайын коопсуздук чаралары колдонулбашы керек дешет.

Ал эми психологдор эмне дешет?

«Уюлдук телефон көз карандылыкты жаратат,»- дешет психологдор. Аппаратка психологиялык көз карандылык төмөнкүлөрдө көрүнөт:

Биринчиси, телефондун жоктугунан тынчсыздануу. Австралиялык психолог Диана Джеймс ээсинин уюлдук телефонуна көз карандылыгы тамекиге караганда күчтүүрөөк деген пикирде. Депрессиялык абал пайда болсо, адамда катуу тынчсыздануу болот, айрым учурларда паникага айланып кетиши мүмкүн. Бул кан басымын жогорулатат.

Экинчиден, бул- SMS-мания. Бир адам күнүнө ондогон SMSти жөнөтөт. Мисалы, Италияда сурамжылоого катышкандардын 25 % күнүнө болжолдуу 15 SMS алышат, жөнөтүшөт. Алардын арасында рекордчулар да бар. Ошентип, 14 жаштагы италиялык кыз тарамыштарынын сезгениши менен ооруканага түшкөн, анткени ал досторуна күн сайын жүздөн ашык SMS жөнөтүп турган.

Кийинки түрү - маалыматтык мания. Телефондун ээси дайыма почтаны жана SMSти окуйт. Натыйжада, адам кандай маалымат маанилүү экенин эстей албайт жана мобилдик телефонуна кайра-кайра кайрылат.

Кийинки, девайстан(батарея же розетка менен иштеген жана ар кандай функцияларды аткарган техникалык аппарат) адамдын өзүнүн көз карандылыгын белгилешет. Телефондун ээси жаңы моделди, айырмаланып турган аксессуарларды сатып алууну көздөйт. "Мобилдик фантомдун "пайда болуу учурларын баары билет. Башканын чөнтөгүндө телефону шыңгыраса, өздөрүнүн уюлдук телефондорун ала башташат.

Көз карандылыктын дагы бир көрүнүшү – аудио галлюцинациялар. Кээде адамдар уюлдук телефондун шыңгырaганы угулгандай сезилет, бирок, чындыгында, шыңгыраган эмес. Бул көрүнүш "чакыруу маниясы"деп аталды.

Балдарда мобилдик көз карандылык тездик менен өнүгүп жатат. Мисалы, Лондондо балдардын 97% уюлдук телефонго ээ, жумасына 5 сааттай колдонушат. Мындай абалы психологдорду гана эмес, дарыгерлерди да тынчсыздандырат.

Улуу Британия уюлдук телефондордун балдардын ден соолугуна тийгизген таасирин биринчи жолу карай баштады. Электр магниттик нурлануулардын таасирине балдардын көбүрөөк кабыл алуусунун натыйжасын айтышкан. Ал тыныгуу учурунда уюлдук телефондо сүйлөшсө, класстагы материалды начар кабыл алат.

Уюлдук телефондордун адамдын физиологиясына тийгизген терс таасирин аныктоо үчүн окумуштуулар көптөгөн изилдөөлөрдү жана эксперименттерди жүргүзүштү.

Терс таасирлер болду.

Цюрих университетинин адистери уюлдук телефондордун мээнин иштешине тийгизген таасирин аныкташты.

«Ар кандай мобилдик шаймандарды дайыма колдонгондорго электромагниттик нурлануу организмине терс таасирин тийгизет,»- дейт россиялык медиктер. Мында борбордук нерв системасы, эске тутуу, ой жүгүртүү, иммундук , эндокриндик системалар, жабыркашы мүмкүн.

Узакка сүйлөшүүдө кулактын, жанындагы ткандардын жана мээнин жанаша аймагынын температурасы

жогорулайт. Бул телефондордогу электромагниттик талаанын натыйжасы болуп эсептелет. Радиациянын эң төмөнкү деңгээли, албетте, күтүү режиминде.

Демек, изилдөөнүн маалыматтарына таянып, уюлдук телефон адамдын ден соолугуна таасирин тийгизет деп айта алабыз, айрыкча, баланын өсүп келе жаткан денеси корголбой жатат.

1.Терминдерди маанисине карата түшүндүрмөлөр менен дал келтир.

| | Терминдер | | Түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|---|
| А) | Мобилдик фантомдун | 1. | Телефондун ээси жаңы түзүлүштөгү моделди, башкалардан өзгөчөлөнгөн телефонго тишелүү буюмдарды эңсөөсү. |
| Б) | Аудио галлюцинациялар | 2. | Кулактын жанындагы ткандардын жабыркашы |
| В) | SMS-мания | 3. | Башка бирөөнүн телефонунун үнүн өзүнүкүндөй кабыл алуу |
| Г) | Девайс | 4. | Уюлдук телефон аркылуу кыска маалыматтарды берүү. |
| | | 5. | Кулакка телефондун үнүнүн угулушу. |

| А | Б | В | Г |
|---|---|---|---|
| 3 | 5 | 4 | 1 |

2.

**2.Лондондо балдардын канча пайызы уюлдук телефонго ээ эмес?**

А) 0%   Б) 97%   В) 3%   Г) 9%

3. Таблицада берилген ырастоолор тексттин маалыматында камтылгандыгын аныктагыла. Ар бир ырастоо үчүн "ооба" же "жок" дегенди белгиле.

| Бул маалымат кездешеби? | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Адамдарда жан дүйнөсүндө аябай тынчсыздануу болсо, кан басымынын көтөрүлөт. | + | |
| Телефонго көз каранды болгондор башкалардан өзгөчөлөнгөн телефондун жасалгаларын, кошумча предметтерди алууну көздөшөт. | + | |
| Пихологдордун айтымы боюнча, уюлдук телефонго адамдар көз каранды болбойт. | | - |
| Азыркы учурда балдардын уюлдук телефонго кызыгуулары көп деле деңгээлде өскөн жок. | | - |
| Адамдын өсүүсүнө уюлдук телефондордун тийгизген терс таасирин текшерүүдө окумуштуулар изилдөөлөрдү жана тажрыйбаларды аз өткөзүштү. | - | |
| Уюлдук телефон менен көпкө сүйлөшкөн учурда кулактын жана мээнин майда кан тамырлары ысыйт. | + | |

ЖРТге даярдоо. 11-класс. Окуп-түшүнүү

4. **Тексттен алган маалыматыңа таянып, сүйлөмдү маанисине карата толукта**

Танапис мезгилинде мобилдик телефон менен ___________, сабакты ________ деңгээлде кабыл алат.

А) сүйлөшсө/ жогорку
Б) барса/ кооз
В) кирсе/ сүйлөө
Г) баарлашса/ төмөнкү

5.Тексттеги маалымат боюнча, изилдөөлөрдүн жыйынтыгында кандай чечимге келди?
А)Балдардын психологиялык абалы сакталбай келүүдө.
Б)Балдардын уюлдук телефонго көз карандылыгы далилденбей келүүдө.
В)Балдарга дарыгерлердин тынчсызданган абалы корголбой келүүдө.
Г)Балдардын физиологиялык жактан өсүшү корголбой келүүдө.
6. 18-23-саптардагы ойду 55-61 –саптар ... .
А) улантат
Б) далилдейт
В) төгүндөйт
Г) жыйынтыктайт
7. 1-11-саптардагы ойго 104-108-саптардыгы ой кандай берилет.
А) окуя улантылат
Б) туура далилдейт
В) карама-каршы берилет
Г) окуяны чектейт
8. Мобилдик телефонго көбүрөөк көз каранды болгон кайсы шаардын балдары?
А) Австралия
Б) Италия
В)Лондон
Г) Россия
9. Ден соолукка тийгизген таасири кайсы саптарда ачык, таасын берилген?
А) 26-30 - саптарда
Б) 40-44- саптарда
В)75-80 - саптарда
Г) 90 -95- саптарда

10. **Суроого жооп берүү үчүн тиешелүү 1 туура жоопту белгиле.**

Текстте көтөргөн негизги ой кайсы?

А) окумуштуулардын уюлдук телефонго айткан пикирлерин билдирүү;
Б) уюлдук телефондун адамдын ден соолугуна тийгизген таасирин көрсөтүү;
В) психологдордун уюлдук телефон боюнча айткандарын далилдөө;
Г) университеттердин уюлдук телефонго алгачкы изилдөөлөрүн айтып берүү